**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛАСТЫ**
**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ**

**НУРМАНБЕТ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**
**НУРМАНБЕТ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН**

**НУРМАНБЕТСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**НУРМАНБЕТСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

# ТОКТОМ

4-февраль 2022-жыл №39 /V111-28 Нурманбет а

Нурманбет айыл аймагындагы “Гок Чаар” сугат суу колдонуучулар ассоциациясынын сугат суу системасына оңдоо иштерин жүргүзүү жөнүндө

Нурманбет айылдык кеңешинин кезектеги сессиясында айыл аймагындагы “Гок Чаар” сугат суу колдонучулар ассоциациясынын эскилиги жеткен ички сугат суу системасын оңдоо боюнча Ысык-Ата райондук өнүгүү фондусуна өткөрүү үчүн түзгөн долборун колдоп жана бул долборду ишке ашыруу мезгилдин талабы экендигин белгилеп айылдык кеңеши токтом кылат:

1.“Гок Чаар” сугат суу колдонуучулар ассоциациясынын эскилиги жеткен Р-39 боюнча 253 контурдан 1200 метр,244 контурдан 600метр,279 контурдан 700 метр,153 контурдан 800метр,198 контурдан 1300 метр,135 контурдан 800 метр,жана дагы № 154 контурдан 700 метр,жалпысынан 6100 метр сугат суу системасын Нурманбет айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине кабыл алынсын жана муниципалдык менчиктин реестрине киргизилсин.

2.Нурманбет айыл өкмөтүнө:

-“Гок Чаар” сугат суу колдонучулар ассоциациясынын сугат суу системасын оңдоо үчүн жыл сайын берилүүчү тиешелүү каражат өз убагында бөлүнүп берилсин;

-дыйкан чарбалары жана жергиликтүү калк менен бирге долбордо каралган кол эмгек салымын көрсөтүүгө чара көрүлсүн.

3.Бул токтомду аткарылышын көзөмөлдөө Нурманбет айылдык кеңешинин бюджет жана каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Нурманбет айылдык кеңешинин
төрагасынын орун басары Ж.Сагынбекова